**УДК371.31:80/81**

**КУРМАНКОЖОЕВА Д. К.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ , Бишкек*
***Kurmankozhoeva D.** К*
*J.Balasagyn KNU ,Bishkek*

# ЭКИНЧИ ТИЛДИ ИНТЕГРАЦИЯЛАП ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ

## Технология интегрированного преподавания второго языка

## Technology of integrated teaching of sekond language

***Аннотация:*** *макалада кыргыз тилин мектепте интеграциялап окутуунун технологиясы, мааниси жана аны сабак процессинде уюштуруунун өзгөчөлүктөрүнө анализ жүргүзүлдү. Бул жерде анын баарыбызга совет мезгилинен бери жакшы белгилүү предмет аралык байланышка жакындыгы, айырмачылыктары жана артыкчылыктуу жактары ачылып берилди. Ошондой эле кайсы окуу предметтери менен интеграциялана тургандыгы ар тараптуу көрсөтүлдү. Макала мектеп мугалимдери үчүн керектүү окуу материалы боло алат деген ишенимдебиз.*

***Аннотация:*** *в статье анализируются интегрированные технологии изучения кыргызского языка в школе, значение и особенности их применения в учебном процессе. Выявлена их близость к методике межпредметных связей, знакомой нам еще с советских времен, определены различия и положительные стороны. Также даны примеры того, как кыргызский язык интегрируется с различными учебными предметами. Статья сможет стать полезным учебным материалом для учителей школ.*

***Annotation:*** *the article deals with the integrated study of the Kyrgyz language technology at the school, the value and features of its organization in the learning process. It revealed its proximity to the interdisciplinary communication, which is familiar to all of us since the Soviet era, as the differences and outstanding sides. Misc also indicated that the Kyrgyz language with which integrates academic subjects. We are confident that the article will be a useful educational material for school teachers.*

***Негизги свздвр:*** *кыргыз тили сабагы, окуу предмети, интеграция, интеграциялап окутуу, предмет аралык байланыш, окутуу технологиясы, жаңы окуу китептери, грамматика, сабаттуулук.*

***Ключевые слова:*** *урок кыргызского языка; учебный предмет; интеграция; интегрированное преподавание; межпредметные связи; технология преподавания; новые учебники; грамматика; грамотность.*

***Keywords:*** *lesson Kyrgyz language, school subject, integration, integrated teaching, interdisciplinary communication, teaching, technology, new textbooks, grammar, literacy.*

Азыркы учурда мектеп абдан оор мезгилди баштан кечирип жатат. Жалпы орто билим беруунун максаттары езгерулду, окуу предметтеринин мазмунун алып чыгууга карата жацы мамилелер, жацы окуу китептери иштелип чыгууда. Билим беруу кызматкерлеринин кецул буруууларынын борборуна окутуу ишинин натыйжалуулугу

коюлуп отурат, ал жацы педагогикалык технологияларды иштеп чыгуу жана аларды окутуу процессине киргизуу менен тыгыз байланышкан.

Ар бир мектеп мугалиминин окутуучу педагог катары каалоо-тилеги, аруу максаты - билгир, ез алдынчалуу ойлоно алган, езуне езу суроолорду берип, ал суроолорго жоопторду таба алган окуучуну тарбиялап естуруп чыгаруу, ушунда эмоционалдык - жагымдуу маанай чейресун тузуу жагын да унутпоо зарыл. Билгир эле эмес, ошондой эле сезимтал, адеп-ахлактуу, курчап турган дуйненун коолдугун кере билип, байлыгын баалап жана аны арттырууга жендемдуу мектеп окуучусун тарбиялап калыптандырууга ушул сез кылып баштаганы турган интеграциялап окутуу жардам берет.

Накыл кепте айтылгандай, небаккы унутта калган нерсе - бул жацы, жакшы нерсе. Тээ илгери эле улуу педагог И.Г.Песталоцци бекемдегендей, окутуу процесси, бир тарабынан, айрым предметтерди ич ара ажырымдап белуу, экинчи тарабынан, аны ез ац-сезимибизде окшош жана жакын керунуштерду бириктируу негизинде куруу керек, муну менен ац-сезимибизге болуп кербегендей айкындык орун алып, аларды так, даана тушунуктерге чейин жогорулатып тактоо киргизилет.

Орустун улуу педагогу К.Д.Ушинский жазууну (кыргыз тили окуу предметин - К.Д.) жана окууну (адабият предметин - К.Д.) интеграциялоо жолу менен сабаттуулукка уйретуунун аналитикалык-синтетикалык усулун иштеп чыгып, аны колдонууга киргизген. Андан да интеграциянын езунде башынан эле жацычылдык турган, бул усулдун маани-мацызы, автордун оюнча, кептик ишмердуулуктун эки турунун - жазуунун жана окуунун айрым элементтерин бирдиктуу бир бутундукке ылайыкташтырууга жана куюлуштурууга мумкундук бергенинде турат.

Интеграцияланган сабактарды алып баруунун жаркын мисалы катары улуу педагог В.А.Сухомлинскийдин Украинанын Павлыш орто мектебинде алты жаштагы балдарга жургузген тажрыйбаларын атай кетсе болот. Бул балдарды окутуу, тарбиялоо жана енуктуруу максаты менен алардын таанып-билуучулук ишмердуулугунун негизги турлерун (байкоо жургузуу, ойлоо, кеп) жуурулуштуруу, интеграциялоо дегенди билдирет.

вткен кылымдын 70-жылдары окуучулардын таанып-билуу ишмердуулугун жигерлештируу тууралуу, аларды предметтик белгилер боюнча ажырымдоодогу карама-каршылыктарды артка калтыруу туурасындагы маселе курч коюлуп баштаган. Окуучу окуу материалын

дагы, курчап турган дуйненун суреттелушун дагы бутундук катары кабылдай албаган. Бул жагдай окутуудагы предмет аралык байланыштарды жигердуу издееге, алардын дифференцирленген окутууда колдонулушуна алып келген. 80-жылдардын экинчи жарымында ата мекендик билим беруудегу интеграциялык мамилелер кайрадан устемдук кылуучу ролду ойноп, интеграциялоо курстарын тузуу женундегу маселе бетенче курч коюлуп баштаган.

Интеграциянын кебуреек так жана кезге толумдуу аныктамасы С.В.Кульневич менен Т.Т.Лакоцениндин «Заманбап сабактын анализи» деген эмгегинде берилген: «Интеграция - бул бир окуу материалында бул же тигил тармактын билимдеринин терец бири-бирине сицишуулеру, болушунча куюлушуулары».

Интеграциянын уч децгээли бар:

- ички предметтик - айрым окуу предметтеринин ичиндеги тушунуктердун интеграциясы;

- предмет аралык - эки же андан кеп окуу предметтеринин фактыларынын, тушунуктерунун, принциптеринин синтези, муну мугалим интеграцияланган сабакты даярдоодо колдонушу керек;

- транспредметтик - билим беруунун негизги жана кошумча компоненттеринин синтези.

Интеграция мектептеги бардык окуу предметтери езегу аркылуу «кызыл сызык» болуп етушу керек, белгилуу бир учурда, окуучулардын ездерунун ушундай мамилеге жана материалды ойлоп тушунуулеруне карата улам жогорулаган кызыгуулары келип чыкканында ал предметтердин материалдары айрым бир интеграциялык сабакка барып куюлушат.

Интеграцияланган сабактардын келип чыгуусуна муктаждык бир катар себептер менен тушундурулет.

Биринчиден, балдарды курчап турган дуйне алар тарабынан езунун кеп турдуулугунде жана биримдигинде таанып билинет, басымдуу учурларда мектептик циклдин бул биримдиктин езунче айрым кубулуштарын уйренууге багытталган предметтери аны чачыранды фрагменттерге майдалап, бутун бир кубулуш тууралуу тушунуулерду бербейт.

Экинчиден, интеграцияланган сабактар окуучулардын ездерунун ички мумкунчулуктерун енуктурушет, курчап турган анык болууну жигердуу таанып-билууге, себептик-натыйжалык байланыштарды ойлоп тушунууге жана табууга, логиканы, ойлоону, коммуникативдик жендемдуулуктерду енуктурууге туртмелейт.

Учунчуден, интеграцияланган сабактарды алып баруунун формасы стандарттан тышкары жана кызыктуу. Сабактын журушунде жумуштун ар кыл турлерун пайдалануу окуучулардын кецул буруусун жогорку децгээлде кармап турат, бул сабактардын жетиштуу натыйжалуулугу тууралуу айтууга мумкундук берет. Интеграцияланган сабактар кыйла кецири педагогикалык мумкунчулуктерду ачат. Мындай сабактар окуучулардын чарчагандыктарын, кучуркенуулерун ишмердуулуктун ар башка турлеруне етуунун эсебинен алып салышат, таанып-билуучулук кызыгууларын кескин жогорулатышат, окуучуларда элестетууну, кецул бурууну, кепти жана эске тутууну енуктурууге кызмат кылышат.

Тертунчуден, заманбап коомдогу интеграция билим беруудегу интеграциянын зарылдыгын тушундурет. Азыркы замандын коомуна жогорку квалификациялуу, жакшы даярдалган адистердин болушу зарыл. Бул муктаждыкты канааттандыруу учун темендегулер керек: билимдуу, жакшы даярдалган адистерди даярдоо, муну кенже класстардан баштаган ылайык, башталгыч класстардагы орун алып баштаган интеграция буга ебелге тузет.

Бешинчиден, предмет аралык байланыштарды кучетуунун - предметтерди интеграциялап окутуунун эсебинен ашыкча окуу сааттары келип чыгат, буларды адабиятты, ата мекендик тарыхты, чет тилин уйренуу учун, керкем сурет енерун терендетип уйренуу учун, окуучулардын енуктуруучулук ишмердуулугу, ошондой эле практикалык багыттагы кошумча сабактар учун пайдаланса болчудай.

Алтынчыдан, интеграция мугалимдин езун езу алып чыгуусу, езун езу керсетуусу, жалпы эле чыгармачылыгы учун кошумча мумкунчулук берет, жендемдуулуктердун ачылышына ебелге тузет.

Окутуудагы интеграция, баарыдан мурда предмет аралык байланыштарды олуттуу енуктурууну жана терецдетууну кенулге алат, булар илимдер аралык байланыштардын тугейлешу, ар кайсы предметтерди окутуунун айкалышуусунан алардын терец биргелешип аракеттенуусуне етуу болуп эсептелинет. Ар кыл турдуу предметтердин билимдеринин интеграциясы интеграцияланган сабактын жардамы менен жузеге ашырылат.

Интеграцияланган сабак - бул атайын уюштурулган сабак, мунун максатына практикалык жактан багытталгандыкка ээ, ар кыл турдуу илимдердин усулдарын езуне гармониялуу айкалыштыруучу изилденуудегу маселени окуучулардын бутундукте, синтездештирип кабылдоолоруна жетишууге мумкундук беруучу кайсы бир

четкерээктеги кейгейду кароого жана чечууге багытталган ар башка предметтердин билимдерин бириктирген учурда гана жетишууге мумкун. Интеграцияланган сабактардын педагогикалык жана методикалык технологиясы ар кыл турдуу болушу ыктымал, бирок канткен кунде да аларды моделдештируу зарыл. Жацы оптималдуу схема-моделдерди ез алдынчалуу издее мугалимдин чыгармачылык ишмердуулугунун айкын керунушу болуп эсептелинет.

Интеграцияланган сабактын мыйзамченемдуулуктеру:

- буткул сабак автордук ойго баш ийдирилет;
- сабак негизги ойго (сабактын езегуне) бириктирилет;
- сабак бирдиктуу бутундукту тузет, сабактын этаптары - бул бутундун фрагменттери эсебинде, сабактын этаптары жана компоненттери логикалык-тузумдук коз карандылыкта болушат;
- сабак учун иргелип алынган дидактикалык материал автордук ойго дал келет; маалыматтардын чынжырчасы «мурда болгон» жана «жацы» эсебинде уюштурулган жана да тузумдук эле эмес, ошондой эле маанилик байланышкандыкты да чагылдырат; тузумдун байланышкандыгына ырааттуулукта жетишилет, бирок каршылаш байланышты жокко чыгарбайт (биринчи учурда иш-аракеттердин кезектуулугу сакталат, экинчисинде башка бир логикалуу курулган ойго жооп беруучу, коштоп журуучу тапшырма эсебинде аткарылат).

Интеграцияланган сабактын белгилери:

1) атайын уюштурулган сабак, б.а., эгер ал атайын уюштурулбаган болсо, анда ал дегеле болушу мумкун эмес, же ал жалпы максатка бириктирилбеген айрым сабактарга ажырымдалып, ез-station ездерунче кетишет;

2) максат спецификалуу (бириктирилген); ал, мисалы, а) уйренулуп жаткан теманын мацызына кыйла терецирээк суцгуп кируу; б) окуучулардын предметтерге кызыгууларын жогорулатуу; в) ушул тема боюнча уйренулуп жаткан маселелерди бутундукте, синтездештирип кабылдоо; г) окуу убактысын унемдее ж.б. учун коюлушу мумкун;

3) ар башка окуу предметтеринин маалыматтарын кецири пайдалануу, б.а., предмет аралык байланыштарды терецдетип жузеге ашыруу.

Интеграцияланган сабак ото кенул коюп пландаштырууну талап этет, анткени окуучулардын алдында айрым алынган тема боюнча жалпыланган суреттелушту тузуу милдети турат, бул белгилуу бир

интеллектуалдык кучтеп аракеттенуулердун болушун талап кылат. Сабактын устунен болчу жумуш негизги уч баскычтан турах:

I. Даярдык баскычы - мында сабактын максаттары жана милдеттери аныкталат, мектептик башка предметтер менен интеграцияланышы зарылдыгы негизделет.

П. Негизги баскыч - сабактардын сунушталган типтеринин (сабак-оюн, талдоонун жана маалыматтын ар кыл турдуу булактарын катар коюп салыштыруунун элементтери менен сабак, проблемалык кырдаалдарды чечмелее сабагы, сабак-ой жугуртуу, сабак-дискуссия, сабак-конференция, сабак-презентация сабак-портрет, сабак-экскурсия) алкагында сабакты уюштуруу жана жургузуу.

III. Жыйынтыктоо баскычы - мугалим окуучулар менен бирдикте сабакты жыйынтыктайт, уйренулген тема боюнча мындан аркы ез алдынчалуу жумуштарга деп суроолорду белгилейт, сабакка катышып отургандардын интеграцияланган сабактардын мындан ары карай дагы еткерулушу мумкундугу тууралуу пикир алмашууларын уюштурат.

Мугалимдин интеграцияланган сабактагы ролу езгеруп алмашылат, анын башкы милдети ушундай бир таанып-билуучулук процессти уюштуруу болуп калат, мында окуучулар мектеп курсунун предметтеринин сабактарында кандай болсо, так эле ошондой маалыматтын кошумча булактарынын устунен болчу кеп куч жумшалчу жумуштардын натыйжасында алынган билимдердин бардык аймактарынын ез ара байланышын ацдап-туюнушат.

Интеграцияланган сабакты даярдоо жана жургузуу маалында эки же андан кебуреек окуу предметтеринин ез ара биргелешип аракеттенуулеру журет, мектеп окуучусу бул жерде анын езун езу баалоосун жана окуу китебинин материалдарынан тышкаркы билимдердин топтомун толуктоо зарылдыгын тушунуусун жогорулатууучу езу учун жацы, кебуреек жигердуу жана маанилуу ролду аткарат. Интеграция маани-мацызы жагынан бири-бине жакын предметтер менен кандай болсо, так эле ошондой кыргыз тилине маани-мацызы анчалык коошо бербеген предметтер менен да жузеге ашырылат.

Акыркы убактарда кыргыз тилинин жана кыргыз адабиятынын бирдиктуу бир предмет болуп биригуусу тууралуу кеп сез кылып журушет. Менин оюмча, буга макул болгондо болбойт. Кыргыз тилине окутуунун негизги максаты - грамматиканы тереццетип ездештуруунун негизинде ез ойлорун оозеки жана жазуу турунде

сабатгуу маалымдай билууге уйретуу. Кыргыз адабиятына окутуунун максаты - окурманды тарбиялоо, анын керкем сезге болгон кызыгуусун ойготуу, эц башкысы, класста етулген чыгармалардын мисалында коомдун татыктуу адамын - инсанды калыптандыруу. Эгер адабиятты окутууну чыгарманын текстин грамматикалык талдоо менен чектесек, керкем кабылдоо, эмоционалдык маанай жоголот. Андыктан мында кыргыз тили жана кыргыз адабиятынын предмет аралык байланыштары тууралуу айтсак, максатка ылайыктуу. Кыргыз тили сабактарында керкем чыгармалардын текстеринин грамматикасы, лексикасы менен болчу жумуштарды алып барууну сунуштар элек, ал эми кыргыз адабияты сабактарында чыгарманын керкемдук бетенчелуктерун талдап жатып, тилдин грамматикалык категорияларына кайрылбай кетуу мумкун эмес.

Ошондой эле кыргыз тилин тарых предметинен такыр эле ажыратып окутканда да болбойт. Тарыхтын ар бир тилкесинде кыргыз тилинин лексикалык курамынын, грамматикасынын езгеруусу тарыхый булактарда, тарыхый роман-повесттерде ар тараптуу камтылып кетилген.

**Адабияттар**

1 Чыманов Ж. Кьфгыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. Монография. - Б., 2009.
2. Кульневич СВ., Лакоценина Т.П. Современный урок. Ч. 1 и 2. - Ростов-на-Дону: Изд-во «Учитель», 2006.
3. Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун актуалдуу маселелери. - Б., 2013.
4. Сухаревская Е.Ю. Технология интегрированного урока. - Ростов-на-Дону: Изд-во «Учитель», 2006.